| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН НАРЫН ОБЛУСУНДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮ** | | **ПОЛНОМОЧНЫЙ ПРЕДСТАВИТЕЛЬ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ** |

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

"16" октябрь 2023-ж. г. № 204-б г. Нарын ш.

**Жумушчу топ түзүү жөнүндө**

2023-жылдын төртүнчү кварталында жана 2024-жылдын биринчи кварталында Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги Бириккен улуттар уюмунун азык-түлүк программасы менен биргеликте, Нарын облусунун пилоттук Ак-Талаа, Жумгал жана Нарын райондорунун азык-түлүк коопсуздугу жана жашоо каражаттары үчүн климаттык тобокелдиктердин профилин, пайда болуучу коркунучтардын алгачкы аракет чараларын жана концепциясын практика жүзүнө илгерилетүү жана иштеп чыгуу максатында, **буйрук кылам:**

**1.** Бириккен улуттар уюмунун азык-түлүк программасы менен биргеликте, айылдардын жашоо-тиричилигинин азык-түлүк коопсуздугу жана пайда болуучу коркунучтарды алдын алуу максатында пилоттук деңгээлде тандалып алынган Нарын облусунун райондорунда (Ак-Талаа, Жумгал жана Нарын) климаттык тобокелдик профилин иштеп чыгуу үчүн жумушчу топтун курамы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Жумушчу топтун төрагасы белгиленген тартипте:

- жумушчу топтун иш-аракетин координацияласын;
- тартылган структуралардын өз ара аракеттенүүсүн, маалымат менен алмашуусуна колдоо жүргүзсүн.

**3.** Пилоттук деңгээлде тандалып алынган райондордун мамлекеттик администрация башчылары жана Жарандык коргоону комиссиясынын төрагасынын орун басарлары:

- социалдык-экономикалык өнүгүү жана климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу боюнча аймактык иш-чаралар пландарын иштеп чыгып, климаттык профилдерди интеграциялоо боюнча чараларды көрүшсүн.
- климаттык тобокелдердин профили жана картасынын негизинде Жарандык коргоону планын жаңыртуу боюнча (айыл аймактардын деңгээлине чейин) иш-чараларды жүргүзүшсүн;
- пайда болгон коркунучтарды алдын алуу жана эрте чара көрүү боюнча концепция иштеп чыгышсын;

- өзгөчө кырдаалдарда жабыр тарткан калк үчүн жеке азык-түлүк топтомдорунун, запастарын камсыз кылуу үчүн жол картасын иштеп чыгышсын.

**4.** Жумушчу топтун мүчөлөрү белгиленген тартипте:

- тартылган эксперттер менен бирге иш алып барышсын;
- маалыматтарды тез арада жана сапаттуу деңгээлде берүүнү камсыздашсын.

**5.** Ак-Талаа, Жумгал жана Нарын райондук мамлекеттик администрация башчылары ушул буйруктун аткарылышын камсыз кылышсын жана буйрукка карата иш-чаралар пландарын даярдап, бекитишсин.

**6.** Буйрукту тиешелүү жактарга жеткирүү жагы (тизме боюнча) ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын документтик камсыздоо жана коомчулук менен байланыш бөлүмүнө милдеттерилсин.

**7.** Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы ыйгарым укуктуу өкүлдүн биринчи орун басарына тапшырылсын.

Документтик камсыздоо жана коомчулук менен байланыш сектору

**Ыйгарым укуктуу өкүл** **А.К.Эргешов**

КР Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын "16" 10 №204-б буйругуна тиркеме

**Климаттык тобокелдик профилдерин иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун курамы**

**Жумушчучу топтун төрагасы:**

Дыйканбаев Эрнест Жунусович – Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Нарын облусу боюнча башкармалыгынын башчысы, полковник;

**Жумушчу топтун катчысы:**

Жусубалиев Улан Мамашарипович - Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Нарын облусу боюнча башкармалыгынын калкты жана аймакты коргоо бөлүмүнүн башчысы, майор.

**Топтун мүчөлөрү:**

- Жылтыров Улан Жаныбаевич - Ак-Талаа районунун мамлекеттик администрация башчысынын орун басары - Жарандык коргоону комиссиясынын төрагасынын орун басары;
- Жумуков Рахат Ташынович - Жумгал районунун мамлекеттик администрация башчысынын орун басары - Жарандык коргоону комиссиясынын төрагасынын орун басары;
- Кулешов Туратбек Сабырбекович - Нарын районунун мамлекеттик администрация башчысынын орун басары - Жарандык коргоону комиссиясынын төрагасынын орун басары;
- Шадыбеков Жыргалбек Садырбекович - Ак-Талаа районунун өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы;
- Жылдызов Максатбек Нурдөөлөтович - Жумгал районунун өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы;
- Кыдыкбаев Адис Уранкаевич - Нарын районунун өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы;
- Турсуналы уулу Азат - Ак-Талаа районунун суу-чарба башкармалыгынын башчысы;
- Ишенбек уулу Жолдошбек - Жумгал районунун суу-чарба башкармалыгынын башчысы;
- Бекбоев Азат - Нарын районунун суу-чарба башкармалыгынын башчысы;
- Казиев Улан Токтосунович - Ак-Талаа районунун агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы;
- Мүсүрканов Азамат Нарынбекович - Нарын районунун агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы;
- Калмурзаев Арстанбек Калмурзаевич - Жумгал районунун агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы;
- Каналиев Рысбек - Ак-Талаа токой чарбасынын башчысы;
- Самудинов Бердибек - Жумгал токой чарбасынын башчысы;
- Эсенгул уулу Рахат - Нарын токой чарбасынын башчысы;

- Бекишов Эрлан - Ак-Талаа районунун оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун башкы дарыгери;

- Муктасов Ринат Молокматович - Жумгал районунун оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун башкы дарыгери;

- Бакалова Нуржан - Нарын районунун оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун башкы дарыгери.

**Укук тартиби, коопсуздук жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы** **Ж.Чукуев**